**«БЕКИТЕМИН»**

Ош мамлекеттик университетинин ректору, физика-математика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу

_______________ К.Г.Кожобеков

«__26__» ____05____ 2020-ж.

Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын кеңейтилген жыйынын №9 протоколунун

**КӨЧҮРМӨСҮ**

Ош шаары 20-май, 2020-жыл

**Төрайым** - ф.и.д., профессор Сабирова В.К.

**Катчы:** улук окутуучу Мамырова М.К.

**Катышкандар:**

1. Сабирова В.К. – филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10; (жыйындын төрайымы);
2. Жамгырчиева Г.Т. – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09;
1. Турганбаев Н.О. – филология илимдеринин кандидаты, доцент. Адистиги: 10.02.20;
3. Исаков Б.Ж. – филология илимдеринин кандидаты. Адистиги: 10.01.09;
4. Манаева Н.А. – филология илимдеринин кандидаты. Адистиги: 10.02.01;
5. Эргешова С.Б. – филология илимдеринин кандидаты. Адистиги: 10.02.19;
6. Жалиев Т.Р. – «ЭлТР» МТРКсынын «Эл ФМ» радиосунун директору;
7. Эрмекбаев Т.О. – «Ынтымак» коомдук-регионалдык телерадиокомпания-сынын башкы директору;
8. Мамырова М.К. – улук окутуучу;
9. Умарова А.А. – окутуучу.

| | |
|---|---|
| Жыйындын төрайымы: | Сабирова В.К., филология илимдеринин, доктору, профессор, ОшМУнун орус филологиясы факультетинин маданият аралык байланыштар жана чет тилдер кафедрасынын башчысы. |
| Жыйындын катчысы: | Мамырова М.К., ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика |

факультетинин журналистика кафедрасынын улук окутуучусу.

**Күн тартиби:**

1. Изденүүчү Абдиева Чынара Ильиясовнанын «Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)» деген темадагы 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо.

**Илимий жетекчиси** – Мамбеталиев Кубан Ильясович, филология илиминин доктору, профессор.

Адиева Чынара Ильиясовнанын диссертациялык ишинин темасы Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 9-ноябрындагы № 2 протоколу менен бекитилген.

**Изденүүчү Абдиева Ч.И.** диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

**Жыйындын төрайымы:** Изденүүчүнүн мазмундуу баяндамасы үчүн ырахмат. Катышуучуларда изденүүчүгө суроолор бар болсо берсеңиздер.

**ТАЛКУУЛООНУН ЖҮРҮШҮНДӨ ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОР БЕРИЛДИ:**

**Жамгырчиева Г.Т., ф.и.д.:** Кыргызстандын түштүгүндөгү региондорунун ичинен кайсыл областта телерадиолор көп кездешет.

**Изденүүчү:** Суроoңуз үчүн рахмат! Региондордун ичинен Жалал-Абад, Баткен областтарына салыштырмалуу Ош областында телерадиолордун саны көп кездешет. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан тарта Ош шаарында мамлекеттик эмес телерадиолордун көп санда ачылгандыгын байкоого болот. Аларды атап өтө турган болсок. «ОшТВ», «Толкун ТВ», «Эркин Ала-Тоо», «Алмаз» радиосу, «Баракух» радиосу, «Керемет», «Мезон ТВ», «ДДД», «Башат ТВ», «Ош пирим», «НурТВ». Алардын ичинде бир тобу азыркы күнгө чейин иштеп келе жатат. Айрым телерадиолор финансылык жактан өзүн-өзү каржылалбай калган «Толкун ТВ», «Эркин Ала-Тоо», «Алмаз» радиосу, «Баракух» радиосу, «Башат ТВ»лар болуп эсептелинет. Айрым соттук чечимдердин негизинде Мезон ТВ», «ДДД», телеканалдары жабылып калган. Бирок ар кандай себептерден улам жабылып калган телерадиолордун орду толуктап «Ынтымак» КРТРКсы, «Нур» ТРКсы, «Илим-билим» каналдары ачылды. Жыйынтыктап айтканда бүгүнкү күндө , Ош областында 9, Жалал-Абадда 3, Баткенде 3 телерадиокомпания өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп келе жатат.

**Мапаева Н.А., ф.и.к., доцент:** Мониторинг жүргүзгөн учурда силерге тоскоолдуктар болбодубу? Кандай процедурада жүргүздүңөр?

**Изденүүчү:** Мониторинг эл аралык уюмдардын каржылоосу аркылуу «журналисттер» коомдук бирикмеси тарабынан

жүргүзүлөт. Биз мониторингдин жыйынтыгын өз ишибизде анализдөөгө аракет жасадык.

Мониторингдер бизде 21-кылымда башталды. 2000-жылдан 2015-жылга чейин медиа каражаттардын ишин атайын түзүлгөн методикалардын негизинде 11 жолу көзөмөлгө алынды. Айрым мониторингдер бир гана электрондук медиаларга багытталып, шайлоо учурун чагылдырышкан. 2015-жылы шайлоого байланыштуу бир эле мониторинг жалпысынан электрондук медиаларга жана басма сөзгө көзөмөл кылды. Айрымдары бир гана басма сөздөгү медиаларды көзөмөлдөдү. 2002-2005-жылдары эң маанилүү болгон жана хронологиялык жактан көлөмдүү мониторингдер түзөт. Мында медиа каражаттардын бардык түрлөрүн камтып, журналистиканын тегерегиндеги бүт фактыларды жана окуяларды деталдуу түрдө чагылдарган. Ошол жылдарда мониторингдин отчеттору областарда талкууланган. Мониторингдин материалдары иликтөөдөн өтүп, өлкөгө керектүү нерселерди киргизүүгө негиз болду. Мисалга алып карасак, 2007-жылы «Кыргызстан журналисттеринин этикалык кодекси» пайда болду. Бул жылдардан кийин мониторингдердин методикасы менен ыкмалары журналисттердин этикалык кодексине таянып түзүлө баштады.

**Эрмекбаев Т.О., «Ынтымак» КРТРКнын башкы директору:** Силердин эмгекке үндөш дагы диссертациялар барбы?

**Изденүүчү:** А.Дүйшекееванын «Эгемендик жылдарында Кыргызстандагы радиоуктуруулардын өнүгүшү (1992-2002-ж.ж.)», Ж.Акматбекованын «Кыргызстандын ММКсынын өнүгүү тенденциясы (1991-2014-ж.ж.)»-деген темалардагы диссертациялык иштер корголгон. Андан сырткары Г.Ибраева, С.Куликова Кыргызстандагы ММКнын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы»-деген эмгегинде региондордогу ММКлар жөнүндө маалыматтарды камтыган.

**Эргешова С.Б., ф.и.к., доцент:** Түштүк регионундагы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес телерадиолордун кайсынысына басым жасадыңар?

**Изденүүчү:** Ишибиздеги биринчи главанын экинчи, үчүнчү, төртүнчү параграфтарында Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы телерадиолор жөнүндө маалыматтар кенен камтылган. Ош областында мамлекеттик телерадиолордон «ЭлТР» МТРКсы жана «ЭлФМ» радиосу түптөлгөндөн баштап азыркы күнгө чейинки маалыматтар камтылып анализ берилди. Андан сырткары мамлекеттик эмес телерадиолордон «ОшТВ» ТРКсынын өзгөчөлүктөрүн ачып бердик. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып, мамлекеттик эмес телерадиокампаниялардын пайда болушу дал ушул «ОшТВ» ТРКсы болуп эсептелинет. Бул телеканалдын жетекчилеринин хронологиялык мөөнөттөрүн карап чыгып анализдедик. 2010-жылдардагы Ош окуясынан кийин бул телеканал талаш тартышка түшүп, соттун чечими менен бүгүнкү күндө мамлекеттик мүлк фондуна карап калды.

Диссертациялык ишибиз эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн баштап, 2016-жылдарга чейинки түштүк регионундагы телерадиокомпаниялардын өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө арналды.

**Исаков Б.Ж., ф.и.к., доцент:** Телерадиокомпаниялар жөнүндө маалымат топтогондо кимдер менен тыгыз байланышып иштединер?

**Изденүүчү:** Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы телерадиолордогу директолордун орун басарлары жана кызматкерлери менен тыгыз иштештим. Ар бир редакциянын уставдары, жоболору, редакциялык саясаттары менен таанышып чыктым. Кээ бир телеканалдардын китепче катары чыккан брашюраларын топтоого аракет кылдым. Бирок баардык эле телеканалдарда ушундай китепчелер кездеше бербейт экен. Өздүрүнүн архивинде сакталган материалдарды колдонууга туура келди. Андан сырткары телеканалдардын сайттарынан бизге керектүү маалыматтарды ала алдым.

**Жалиев Т.Р. «ЭлТР» МТРКсынын «ЭлФМ» радиосунун директору:** Диссертациялык ишиңерде «электрондук массалык маалымат каражаттары» деп турат. Иште телерадиого гана басым жасалып жатат. Электрондук дегенде социалдык тармактар жөнүндө дагы камтып кетсе болобу?

**Изденүүчү:** Диссертациялык иштин темасы «КРдеги Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктүрү (1991-2016-ж.ж.)»-деп аталып, мында түштүк регионундагы телерадиолордун өзгөчөлүктөрү каралды. Сиз айтып жаткан сациалдык тармактар бүгүнкү күндө актуалдуу болуп жатат. Бирок бул тема өзүнчө иликтенүүсү керек. Коомчулук маалыматтарды салттуу медиадан (телерадио, басма сөз) алып турушкан. Ал эми жаңы медиа Кыргызстанга 2010-жылдардан бери колдонула баштады. Бирок, интернет жакшы тартпаган жерлерде жаңы медианы колдонуу кыйынчылыктары болгон. 2015-жылга чейин коомчулуктун басымдуу бөлүгү салттуу медиадан маалыматтарды алып турушкан.

**Жыйындын төрайымы:** Азыркы сөз диссертациялык иштин рецензенттерине берилет.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Жамгырчиева Г.Т., ф.и.д.:** Эгер уруксат болсо, алгачкы сөздү мага берсеңиздер. Мен диссертацияны абдан кылдаттык менен окуп чыктым. Жазуу түрүндөгү пикирим диссертантта бар. Учур талабына ылайык маселени көтөргөн. Аталган темадагы диссертациялык иш үч бөлүмдөн туруп, өз алдынчы параграфтарга бөлүнгөн жана ар бир бөлүмгө өз алдынча корутунду чыгарылган.

Диссертациялык иштин биринчи бөлүмүндө - «Кыргызстандагы радио менен телекөрсөтүү тармагын изилдеген илимий эмгектер (обзор)» деп аталып, иштин бул жеринде телерадиоберүүнүн табияты, өзгөчөлүктөрү жана аталган маселелер тууралуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр, илимий-теориялык булактар тууралуу берилген. Ошондой эле электрондук медианын калыптанышы, эволюциясы, тарыхый этаптары аныкталган.

Иштин экинчи бөлүмүндө - "Кыргызстандын түштүк регионундагы электрондук маалымат каражаттары жана аларды изилдөөнүн методдору" деп аталат. Бул жерде Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы телерадиожурналистиканын кыймылын, өзгөчөлүктөрүн аныктоодогу методдор тууралуу айтылган.

Изилдөөнүн үчүнчү бөлүмүндө - "Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук маалымат каражаттары экстремалдык учурларда, мониторингдердин жыйынтыктары жана изилдөөнүн натыйжалары"-деп аталып, мында медианын экстремалдык шарттагы иш аракеттери көрсөтүлгөн. Ош, Баткен, Аксы окуялары, Март, Апрель ыңкылаптары, экинчи Ош окуясы медиа тармагында кандай чагылдырылганы изилденген. Электрондук маалымат каражаттарга тиешелүү мониторингдердин отчеттору илимий тартипте иликтенген.

Ар бир бөлүмү боюнча тыянактар жана жалпы иш боюнча корутунду берилген. Пайдаланган адабияттардын тизмеси келтирилген.

Ошону менен бирге иштин илимий деңгээлин мындан да жогорулатуу максатында төмөнкү сунуштарды көрсөтүүгө болот. Диссертациялык изилдөөдө айрым стилистикалык, техникалык каталар кездешет.

1) Адабияттарды ЖАКтын талабына ылайык жайгаштыруу керек;
2) Илимий диссертацияларда илимий талдоолор, кайра анализ, андан кийин синтез болуш керек эле, ошол нерселер жакшы көрүнбөй жатат. Ушул жагын байкаштырсаң. Иште маалымат берүү жагы камтылган. Маалыматтардын баары сонун жазылган, аны жалпылап койгон жери бар. Журналистиканын илимий жагы каралгандан кийин илимий ой айтылыш керек. Практикалык иштер басымдуулук калат;
3) Терминдер кыргызча-орусча аралашып берилип калган. Шилтемелер орус тилинде көрсөтүлгөн. Азыркы талап боюнча орусча берилбеш керек;
4) Коргоого алынган жоболорду азайтуу керек;
5) Илимий жыйынтыктарды көбөйтүш керек.

Бул мүчүлүштүктөр иштин деңгээлине таасир этпейт. Диссертанттын ишин өз алдынча аткарылган, бүткөн иш катары карайм.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.И.Абдиеванын иши 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары коргоого сунуштайм. Изденүүчүгө ийгилик каалайм.

**Мапаева Н.А., ф.и.к., доцент:** Ишти бүткөн илимий эмгек катары саноого болот. Материал көп берилип, кенен иштелгендиги байкалып турат. Диссертациялык изилдөөдө маанилүү деп эсептелген төмөндөгү илимий маселелер туура багытта иликтенген:

1. Эгемендик алган мезгилден азыркы учурга чейинки Кыргызстандын түштүк регионундагы маалымат каражаттарынын коммуникативдик, прагматикалык жагын, тематикалык башкы багыттарын, бай факты-материалдардын негизинде түшүндүрүүгө аракет жасалган.
2. Түштүк регионундагы массалык маалымат каражаттарынын

калыптанышына таасирин тийгизген факторлор туура багытта аныкталган.

3. Экстремалдык учурлардагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын аракеттери, функциялары аныкталган. Бул аныктоо иштин мазмундук стратегиясынын олуттуулугун айгинелейт.

4. Диссертацияда жүргүзүлгөн анализдер, диссертанттын ой жүгүртүүлөрү бир кыйла чыйрак жана буга чейин жүргүзүлгөн талдоолордон, анализдерден обочо.

5. Айта турган дагы бир орчундуу маселе диссертант региондук журналистиканын өзгөчөлүктөрүн конкреттүү материалдардын негизинде далилдеп бере алган.

Бул иштин мазмунунда баяндалган илимий маселелер, жыйынтыктар, теориялык-концепциялар, иликтөөгө байланыштуу оргиналдуу сунуштар диссертанттын илимий көз караштарынын үзүрү катары каралышы керек. Диссертант региондук журналистиканын өзгөчөлүктүрүн ар тараптан терең иликтеп, талдап чыгууга жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда, бул изилдөө өз максатына жеткен, коюлган маселелер илимий-теориялык деңгээлде аныкталып берилген. Кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга толук жооп берген иш катары коргоого татыктуу.

**Жалиев Т.Р. «ЭлТР» МТРКсынын «ЭлФМ» радиосунун директору:** Ишти бүткөн илимий эмгек катары саноого болот. Материал көп берилип, кенен иштелгендиги байкалып турат, баяндамада көрсөтмөлүү слайд даярдалып көрсөтүлдү. Негизинен иштин мазмуну алынган илимий теманын мазмунуна толук жооп берет. Диссертант материал чогултууда «ЭлТР» МТРКсынын жана «ЭлФМ» радиосунун жетишкендиктери менен кемчиликтерин деталдуу түрдө изилдеп чыкты. Иштин сапатын жогорулатуу максатында төмөнкү сунуштарды көрсөтүүгө болот. Иште коргоого коюлуучу жобо кыскартылса, изилдөөнүн обьектин, предметин карап чыгуу керек. Албетте, бул биринчи талкуу. Мындай мүчүлүштүктөр болот, табигый иш. Диссертанттын ишин өз алдынча аткарылган, бүткөн иш катары эсептейм, милдеттер аткарылып, жыйынтыктар алынган.

Жыйынтыктап айтканда, Абдиева Чынара Ильиясовнанын иши 10.01.10 – журналистика адисиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**Эрмекбаев Т.О., «Ынтымак» КРТРКнын башкы директору:** Диссертациялык иш менен менин да тааныштыгым бар. Тема актуалдуу. Изденүүчү көп жылдардан бери эмгектенип келе жатат. Изденүүчүнүн эмгекчилдигинин натыйжасында жаралган бул илимий ишти бүткөн иш деп эсептөөгө болот. Айрым техникалык каталарды оңдоо зарыл. Ийгилик каалаймын.

**Турганбаев Н.О., ф.и.к., доцент:** Теманын актуалдуулугунда шек жок. Изденүүчүнүн тынымсыз иштеген аракети көрүнүп турат. Стилдик каталарды дагы бир жолу көздөн өткөрүп, карап чыкса деп ойлоймун.

Пайдаланган адабияттарга шилтемелер берилбей калган. Адабияттардын тизмесин алфавиттик тартипте жазылса жакшы болот. Жобону азайтуу керек. Айтылган сунуш диссертациялык иштин деңгээлине шек жаратпайт. Ийгилик каалайм!

**Жыйындын төрайымы:** Анда дагы чыгып сүйлөөчүлөр жок болсо, диссертанттын жыйынтыктоочу пикирине кезек берели.

**Изденүүчү Ч.И.Абдиева:**

Урматтуу катышуучулар! Биринчиден, бардыгыңыздарга менин диссертациялык ишимди талкуулоого активдүү катышып бергениңиздер үчүн, ошондой эле баалуу ой-пикир, сунуштарыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдиргим келет. Диссертациялык ишимди жактоого чейин сиздердин берген сунуштарыңызды эске алууга аракет кылам. Рахмат!

Абдиева Чынара Ильиясовнанын **«Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)»**-деген темадагы 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

## БҮТҮМ:

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттар тармагын изилдөөгө арналган илимий иштердин аздыгына байланыштуу, улуттук журналистиканын тарыхы жана теориясы боюнча жазылган монографиялардын жана окуу китептердин саны жетишсиз. Регионалдык масштабда карасак, анда ар бир областтын ММКлары өз алдынча өзгөчөлөнгөн структура сыяктуу айырмаланат, өзүнүн жергиликтүү жамаатынын жашоосун чагылдырат. Эми ушул аймактык маалымат каражаттардын турпатын изилдеген илимий иштерди жаратыш керек. Сунушталып жаткан диссертацияда буга чейин козголбогон тема системдүү түрдө каралып, жаңы мазмундагы иликтөө пайда болду.

**Диссертациянын илимий натыйжаларынын жаңылыгы**

Буга чейин системалуу түрдө изилденбеген тема тандалды, түштүк региондогу электрондук ММКлар деталдуу түрдө каралып, материалдар бир калыпка салынып көрсөтүлдү. Коргоого коюлган төмөнкү маселелер:

Биринчиден, массалык маалымат каражаттардын коомго тийгизген таасири конкреттүү түрдө аныктоого муктаж.

Экинчиден, ММКга таандык сөз эркиндигинин кудурети ар бир аймакта универсалдуу болуп көрүнөт деп айталбайбыз, себеби бул түштүктүн ар бир аймагы боюнча изилденген эмес. Анан бул нерсеге жергиликтүү бийликтин күчү себеп болот, жергиликтүү жашоонун шартына байланат, демек "учурдун контекстинде" карoo ыкмасы талап кылынат.

Үчүнчүдөн, бийлик менен журналистиканын ортосундагы мамилелер (жакындашуу, айтышуу, тирешүү, ынтымакташуу, салгылашуу) мамлекеттик тартиптин түзүлүшүнө таасирин тийгизет, ушуга байланыштуу бул маселе аналитикалык изилдөөгө муктаж экендиги тастыкталат. Анан кыргыз мамлекетинде бул маселе өзгөчө орун алганы өзгөчө эсепке кирет, так ушул жери менен (2005-2010-жылдардагы ыңкылаптарды айтып жатабыз) Борбордук Азияга чоң үлгү болуп берди. "Үлгү" деп демократиялык көз караштагылар баалайт, авторитардык бийликтин өкүлдөрү муну "кырсык" дешет. Бул маселе экстремалдуу кырдаалдарда чечилет, ошондуктан диссертацияда мындай кырдаалдарда иш жүргүзгөн ММКлар өз алдынча каралган.

Төртүнчү жагы, коомдун ар дайым демократиялык принциптерге умтулуусуна байланыштуу. Биздеги коом азыркы учурда мамлекеттик бийликтин чынжырларынан бошонуп, накта жана толук түрдөгү коомдук телеканалдын түзүлүшүн күтүүдө. Ушул маселе да (коомдук телеканалдын принциптери) диссертацияда каралды.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси**

Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук медиа каражаттар буга чейин өз алдынча илимий изилдөөнүн (диссертациянын) курамына негизги обьект катары кирген эмес. Буга чейин чыккан айрым эмгектерде региондун медиалары жалпы алынган темалардын ичиндеги структуралык бүтүмдүктүн бир кичине бөлүгү сыяктуу каралган. Сунушталган диссертацияда түштүк региондун журналистикасы өз алдынча системдүү тартипте изилденгени илимий жаңылык экенин көрсөтүп турат.

**Иштин практикалык баалуулугу**

Диссертациянын материалы "Кыргызстандын түштүк аймагындагы журналистиканын тарыхы" аттуу темадагы монографияны жана университеттер үчүн окуу китепти жазганга салмактуу бир негиз болуп берет. Иштин жыйынтыктары журналистиканын теориясы жана практикасы боюнча лекциялык курстарды түзгөнгө жол ачат. Ошондой эле "экстремалдуу учурдагы журналистика" багыты боюнча атайын курс менен атайын семинарларды жаратууга көмөк болот. Ал эми "масс медианын ишине мониторинг" деп университеттер үчүн жаңы тематикалык окууну ачканга шарт түзөт.

**Илимий изилдөөчүнүн жеке салымы**

Диссертациянын өзгөчө белгилей турган нерсеси - бул өлкөбүздө өткөн мониторингдердин материалдары илимий иликтөөгө алынгандыгы. Медиа каражаттарына тиешелүү 16 жылдын ичинде (1999-2015-ж.ж.) бизде 11 мониторинг өткөрүлгөн. Бул төрт түрдөгү мониторингдер - эки айлык (шайлоолорго тиешелүү), 6-айлык, 1-жылдык, 2-жылдык убакыттарды камтыган мониторингдер. Ушуларга диссертацияда анализ берилди.

**Диссертациялык иштин негизги мазмуну төмөнкү макалаларда жарыяланды:**

1. Абдиева Ч.И. Ош шаарынын таасирдүү телерадиокомпаниясы [Текст] /Ч.И Абдиева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №6. – 181-183-бб.
2. Абдиева Ч.И. Кыргызстандын Түштүк регионундагы телеканалдар жөнүндө [Текст] /Ч.И Абдиева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6 – 169-171-бб.
3. Абдиева Ч.И. Ош, Баткен областтарындагы радиостанциялар жөнүндө [Текст] /Ч.И Абдиева //Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2018. – № 3 – 175-177-бб.
4. Абдиева Ч.И. Эгемендүү доордогу Кыргызстандагы электрондук масс-медиалардын тарыхый этаптары [Текст] /Ч.И Абдиева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2019. – № 9 – 169-171-бб.
5. Абдиева Ч.И. Ош областындагы өзбек тилдүү телеканалдар [Текст] /Ч.И Абдиева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2019. – № 9 – 190-194-бб.
6. Абдиева Ч.И. Телерадио журналистиканын теориялык негиздери илимий изилдөөнүн контекстинде [Текст] /Ч.И Абдиева //Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. – № 7 – 162-167-бб.
7. Абдиева Ч.И. СМИ Кыргызстана: Освещение фактов по расстрелу демонстрантов ("Аксы - 2002") [Текст] /Ч.И Абдиева //Электрондук илимий журнал «Меридиан». 2019. – №13(31) – 7 б.
8. Абдиева Ч.И. Кыргызстан: Масс-медиа в контексте межэтнического столкновения (Ошские события 2010 года) [Текст] /Ч.И Абдиева // Электрондук илимий журнал «Меридиан». 2019. – №13(31) – 2019.7 б.

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду.

Баары – 10
Макул – 10
Каршы – жок
Калыс – жок
Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика кафедрасынын кеңейтилген отуруму Ч.И. Абдиеванын «Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)» темасындагы 10.01.10. – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде жыйын

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абдиева Чынара Ильиясовнанын «Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат

каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)» аттуу кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.

2. Абдиева Чынара Ильиясовнанын «Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)» - деген темасындагы 10.01.10. – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**ф.и.д., профессор:** В. Сабирова

**Жыйындын катчысы,**
**улук окутуучу:** М.Мамырова

В. Сабированын жана М. Мамырованын
*кол тамгаларын тастыктайм*
ОшМУнун Окумуштуулар
кеңешинин катчысы, доцент Асанбекова Дж.Ж.